# Валюта рыногу

*(2013-жылдын июнь айы)*

**1-график. Накталай эмес АКШ долларыны коммерциялык банктарына таза агылып кирүүсү (агылып чыгуусу) (млн. АКШ доллары)**




Июнь айында жогорулоо тенденциясын улай, банктар аралык валюта рыногунда коммерциялык банктар ортосундагы бүтүмдөрдүн көлөмүнүн айлык көрсөткүчүнүн өсүшүнүн алкагында болуп өткөн америка валютасынын алмашуу курсунун бир АКШ доллары үчүн 48,2300 сомдон 48,6277 сомго чейин көбөйүүсү байкалган (2013-жылдын июнь айында курс өткөн айга салыштырмалуу 0,7 пайызга жогорулаган). Эсептик курстун жогорулашынын негизги этабы кароого алынып жаткан мезгилдин биринчи жарымына туура келген. Рыноктун ири катышуучулары тарабынан валютага карата жогорку суроо-талапка сунушту колдоо өлкөгө акча которуулар системасы боюнча келип түшкөн каражаттардын, ошондой эле банктардын конвертациялык операцияларынын натыйжасында алынган долларлардын эсебинен жүзөгө ашырылган (1-график).

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде чет өлкө валютасын сатып алуу-сатуу боюнча операциялардын жалпы көлөмү 28,3 млрд. сом өлчөмүндө түптөлүү менен 4,9 пайызга көбөйгөн. Коммерциялык банктардын нак операциялар сегментинде ишкердик жигердүүлүгүнүн 9,7 пайызга, 19,9 млрд. сомго чейин өсүшү себеп болгон. Коммерциялык банктардын нак эмес операцияларынын көлөмү 10,0 пайызга, сандык мааниде 4,7 млрд. сомго чейин төмөндөгөн. Мындан тышкары, алмашуу бюролорунун нак операциялар көлөмү 3,6 млрд. сомго чейин көбөйгөн, бул өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнөн 2,0 пайызга жогору.

Банктар аралык валюта тооруктарынын чогуу алгандагы жүгүртүүсү 83,2 млн. АКШ долларына чейин төмөндөгөн (+2,2 пайыз). Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк чет өлкө валютасын сатуу боюнча интервенцияларды жүргүзгөн эмес (2012-жылдын тиешелүү мезгил ичинде да интервенциялар жүргүзүлгөн эмес). (2-график).

**2-график. Банктар аралык валюта тооруктарынын жана АКШ доллар курсунун динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк коммерциялык банктар менен СВОП-операцияларды жүргүзгөн эмес.

Валюталардын негизги түрлөрү боюнча бөлүштүрүүдө АКШ, евро, орус рубли боюнча операциялардын көлөмүнүн көбөйүүсү байкалган. Мында, жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндө валюталардын үлүштүк катышы төмөндөгүчө бөлүштүрүлгөн: АКШ долларындагы операциялардын салыштырма салмагы 57,2 пайызга чейин (-0,1 пайыздык пункт), казак теңгесинде – 9,2 пайызга чейин (-1,7 пайыздык пункт) төмөндөгөн. Евро валютасындагы операциялардын үлүшү 3,4 пайызга чейин (+0,1 пайыздык пункт), рублидеги – 30,2 пайызга чейин (+1,7 пайыздык пункт) жогорулаган.

**3-график. Коммерциялык банктарда нак жана нак эмес АКШ долларынын курсунун динамикасы**




**4-график. Алмашуу бюролорунда АКШ долларынын курсунун динамикасы**




**5-график. Алмаштыруу бюролорундагы валюта курстарынын жана АКШ долларынын дүйнөлүк рынокторундагы өсүш арымдарынын динамикасы**



**1-таблица. Операциялардын түрлөрү боюнча чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу көлөмү (сомдук эквивалентте)**

*млн. сом*

| Мезгил аралыгы | | Жалпы операциялардын көлөмү | Комм. банктардын накталай эмес операциялары | | Комм. банктардын накталай операциялары | | Алмаштыруу бюролордун накталай операциялары | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Операциялардын көлөмү | Үлүш (%) | Операциялардын көлөмү | Үлүш (%) | Операциялардын көлөмү | Үлүш (%) |
| 2012 | 06 | 21 816,2 | 3 649,6 | 16,7 | 14 943,6 | 68,5 | 3 223,1 | 14,8 |
| | 07 | 26 251,1 | 4 816,3 | 18,4 | 17 906,6 | 68,2 | 3 528,2 | 13,4 |
| | 08 | 27 886,3 | 5 568,0 | 20,0 | 18 670,4 | 67,0 | 3 647,9 | 13,1 |
| | 09 | 26 294,6 | 5 115,6 | 19,5 | 17 689,1 | 67,3 | 3 489,9 | 13,3 |
| | 10 | 29 651,0 | 6 215,6 | 21,0 | 19 649,2 | 66,3 | 3 786,2 | 12,8 |
| | 11 | 28 722,7 | 5 018,0 | 17,5 | 19 820,7 | 69,0 | 3 884,0 | 13,5 |
| | 12 | 26 180,1 | 3 958,3 | 15,1 | 18 549,8 | 70,9 | 3 672,1 | 14,0 |
| 2013 | 01 | 22 335,6 | 3 330,8 | 14,9 | 15 850,9 | 71,0 | 3 153,8 | 14,1 |
| | 02 | 21 941,7 | 3 886,7 | 17,7 | 14 684,9 | 66,9 | 3 370,1 | 15,4 |
| | 03 | 23 135,9 | 4 960,9 | 21,4 | 14 642,8 | 63,3 | 3 532,2 | 15,3 |
| | 04 | 28 218,6 | 4 969,0 | 17,6 | 19 157,7 | 67,9 | 4 092,0 | 14,5 |
| | 05 | 26 955,3 | 5 200,4 | 19,3 | 18 183,9 | 67,5 | 3 570,9 | 13,3 |
| | 06 | 28 266,2 | 4 678,1 | 16,6 | 19 944,9 | 70,6 | 3 643,2 | 12,9 |

**2-таблица. Валюталар боюнча чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу көлөмү (сомдук эквивалентте)**

*млн. сом*

| Мезгил аралыгы | | Жалпы операциялардын көлөмү | АКШ доллары | | Евро | | Орус рубли | | Казак теңгеси | | Жана башкалар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш |
| 2012 | 06 | 21 816,2 | 12 853,2 | 58,9 | 725,5 | 3,3 | 5 871,4 | 26,9 | 2 354,9 | 10,8 | 11,2 | 0,1 |
| | 07 | 26 251,1 | 15 332,9 | 58,4 | 852,5 | 3,2 | 7 261,0 | 27,7 | 2 789,6 | 10,6 | 15,1 | 0,1 |
| | 08 | 27 886,3 | 16 310,4 | 58,5 | 783,4 | 2,8 | 7 674,5 | 27,5 | 3 109,5 | 11,2 | 8,4 | 0,0 |
| | 09 | 26 294,6 | 15 579,2 | 59,2 | 895,6 | 3,4 | 7 392,4 | 28,1 | 2 417,6 | 9,2 | 9,8 | 0,0 |
| | 10 | 29 651,0 | 17 967,8 | 60,6 | 1 011,8 | 3,4 | 7 754,5 | 26,2 | 2 906,2 | 9,8 | 10,8 | 0,0 |
| | 11 | 28 722,7 | 17 122,7 | 59,6 | 931,1 | 3,2 | 7 595,5 | 26,4 | 3 065,3 | 10,7 | 8,0 | 0,0 |
| | 12 | 26 180,1 | 15 270,4 | 58,3 | 799,9 | 3,1 | 7 780,8 | 29,7 | 2 322,7 | 8,9 | 6,3 | 0,0 |
| 2013 | 01 | 22 335,6 | 13 317,6 | 59,6 | 763,0 | 3,4 | 6 716,9 | 30,1 | 1 532,3 | 6,9 | 5,8 | 0,0 |
| | 02 | 21 941,7 | 13 266,5 | 60,5 | 778,9 | 3,6 | 6 338,3 | 28,9 | 1 551,9 | 7,1 | 6,1 | 0,0 |
| | 03 | 23 135,9 | 14 183,3 | 61,3 | 840,9 | 3,6 | 5 893,0 | 25,5 | 2 210,0 | 9,6 | 8,7 | 0,0 |
| | 04 | 28 218,6 | 17 043,6 | 60,4 | 954,3 | 3,4 | 7 487,5 | 26,5 | 2 722,6 | 9,6 | 10,6 | 0,0 |
| | 05 | 26 955,3 | 15 437,5 | 57,3 | 889,9 | 3,3 | 7 674,7 | 28,5 | 2 942,7 | 10,9 | 10,3 | 0,0 |
| | 06 | 28 266,2 | 16 175,0 | 57,2 | 961,9 | 3,4 | 8 522,8 | 30,2 | 2 597,1 | 9,2 | 9,5 | 0,0 |

**3-таблица. Четөлкө валюталарынын сомго карата курсу боюнча маалыматтар**

| Мезгил аралыгы | | Айдын акырына карата эсептик курс | | | | Бир ай ичинде эсептик курстун четтөөсү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси |
| 2012 | 06 | 47,2445 | 59,4241 | 1,4396 | 0,3162 | 0,7% | 1,7% | -0,5% | -0,4% |
| | 07 | 47,1487 | 57,7998 | 1,4640 | 0,3143 | -0,2% | -2,7% | 1,7% | -0,6% |
| | 08 | 46,0274 | 57,8127 | 1,4341 | 0,3081 | -2,4% | 0,0% | -2,0% | -2,0% |
| | 09 | 47,1484 | 61,0289 | 1,5250 | 0,3146 | 2,4% | 5,6% | 6,3% | 2,1% |
| | 10 | 47,1513 | 60,9838 | 1,4952 | 0,3129 | 0,0% | -0,1% | -2,0% | -0,6% |
| | 11 | 47,2578 | 61,3170 | 1,5217 | 0,3140 | 0,3% | 0,5% | 1,8% | 0,4% |
| | 12 | 47,4012 | 62,6573 | 1,5607 | 0,3145 | 0,3% | 2,2% | 2,6% | 0,2% |
| 2013 | 01 | 47,7696 | 64,5105 | 1,5909 | 0,3167 | 0,8% | 3,0% | 1,9% | 0,7% |
| | 02 | 47,5676 | 62,2279 | 1,5535 | 0,3162 | -0,4% | -3,5% | -2,3% | -0,2% |
| | 03 | 47,9610 | 61,4884 | 1,5430 | 0,3180 | 0,8% | -1,2% | -0,7% | 0,6% |
| | 04 | 48,1717 | 63,0543 | 1,5412 | 0,3185 | 0,4% | 2,5% | -0,1% | 0,2% |
| | 05 | 48,2300 | 62,5230 | 1,5268 | 0,3192 | 0,1% | -0,8% | -0,9% | 0,2% |
| | 06 | 48,6409 | 63,4543 | 1,4867 | 0,3207 | 0,9% | 1,5% | -2,6% | 0,5% |

**4-таблица. Алмашуу бюролорунда четөлкө валюталарынын сомго карата курсу боюнча маалыматтар**

| Мезгил аралыгы | | Бир ай ичиндеги орточо маржа | | | | Валюталарды сатуу курсунун орточо чиеленишкен четтөөсү | | | | Бир ай ичинде валюталарды сатуу курсунун четтөөсү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси |
| 2012 | 06 | 0,3% | 0,6% | 0,8% | 0,7% | 0,0% | 0,2% | 0,4% | 0,1% | 0,6% | 1,1% | -1,0% | -0,2% |
| | 07 | 0,2% | 0,5% | 0,7% | 0,7% | 0,0% | 0,2% | 0,3% | 0,1% | 0,2% | -2,6% | 1,9% | -0,1% |
| | 08 | 0,3% | 0,5% | 0,8% | 0,5% | 0,1% | 0,2% | 0,2% | 0,2% | -1,2% | 0,3% | -1,0% | -2,0% |
| | 09 | 0,3% | 0,5% | 0,6% | 1,0% | 0,1% | 0,2% | 0,4% | 0,2% | 0,8% | 4,9% | 4,8% | 1,3% |
| | 10 | 0,2% | 0,4% | 0,6% | 0,7% | 0,0% | 0,1% | 0,2% | 0,1% | 0,4% | 0,6% | -0,2% | -0,2% |
| | 11 | 0,2% | 0,4% | 0,7% | 0,7% | 0,0% | 0,1% | 0,1% | 0,1% | 0,3% | 0,3% | 1,5% | 0,4% |
| | 12 | 0,2% | 0,4% | 0,6% | 0,7% | 0,0% | 0,1% | 0,2% | 0,1% | 0,1% | 0,9% | 0,7% | -0,5% |
| 2013 | 01 | 0,2% | 0,4% | 0,6% | 0,6% | 0,0% | 0,2% | 0,2% | 0,1% | 0,7% | 4,3% | 3,6% | 1,4% |
| | 02 | 0,2% | 0,5% | 0,6% | 0,7% | 0,1% | 0,1% | 0,1% | 0,1% | -0,3% | -2,9% | -1,8% | 0,0% |
| | 03 | 0,2% | 0,5% | 0,6% | 0,7% | 0,0% | 0,1% | 0,2% | 0,1% | 0,6% | -1,5% | -1,1% | 0,4% |
| | 04 | 0,2% | 0,4% | 0,6% | 0,7% | 0,1% | 0,2% | 0,2% | 0,1% | 0,5% | 2,3% | -0,2% | 0,0% |
| | 05 | 0,2% | 0,5% | 0,6% | 0,7% | 0,0% | 0,2% | 0,1% | 0,1% | 0,3% | -0,4% | -1,0% | 0,4% |
| | 06 | 0,2% | 0,4% | 0,7% | 0,7% | 0,1% | 0,2% | 0,3% | 0,1% | 0,5% | 1,1% | -2,7% | 0,1% |